с(кырг)
К-59

Турар Кожомбердиев

# Беке, Меке, Кеке жана мүйүздүү теке

«Көлчүктөгү ай»

1-китеп



314- 24/VII

УДК 821.51-93
ББК 84 Ки 7-5
К58

Кожомбердиев Т.
К58 Беке, Меке, Кеке жан[...]
Б.:2016.- 24 б. - (Кел[...]

ISBN 978-9967-28-088-5

***Урматтуу бөбө[...]***

Кыргыз элинин класси[...] Келчүктөгү ай» аттуу балдарга арналган ыр жыйнагы анын тунгуч [...] Келчүктөгү ай" китеби 1961-жылы жаңы жарык кергендө кыргыз а[...]а чоң ачылыш жаратканы менен эсте калган. Бул китеп аркылу[...], нукура талант деп тааный баштаган. Акындын балдарга арна[...]те зор жана пайдалуу экенин мезгил тастыктап келет. Көпчүл[...]-жылы «Келчүктегү ай» экинчи жолу басылып чыккан. Акындын замандашы, калемдеши Анатай Өмүркановдун айтымында, Турар Кожомбердиев ушул алгачкы китеби аркылуу эле кыргыз адабиятына дүйнөгө балдардын көзү менен караган, баланын психологиясын кылдат өздөштүргөн акын келгенин көрсөткөн: *«Турар поэзияга үйрөнчүк болуп келген жок. Келгенде эле кыргыз поэзиясынын катуу жабылып калган каалгасын шарт ачып, тиш каккан чеберлер отурчу секиге чыгып отурду. Секи ага, ал секиге жарашты. Көз ачып көргөн «Келчүктөгү ай» кыргыз балдар поэзиясынын туу чокусунда Чолпон жылдыз болуп, түбөлүккө жаркырап калды. Чындыгын айтканда, Турарга чейинки кыргыз балдар поэзиясы «Торпогум», «Мышыгым» деген өтө жөнөкөй деңгээлде эле. «Көлчүктегү ай» балдардын балалык кулк-мүнөз, ой-кыялын таасын чагылдырууда мурда кыргыздын бир да акыны көрбеген нерселөрди көрүп, аны кемелине келтиргендиги менен поэзия сүйүүчүлөрүнүн жан дүйнесүнө бүлүк салды, таң калтырды, жаңылык алып келди».*

Турар Кожомбердиевдин чыгармаларынын арасынан эң алгачкы «Келчүктегү ай» китебин акындын 75 жылдык маарекесине карата балдарга тартуулоо азыркы мезгилдин талабы деп ойлойм. Анткени китеп дүкендерүнде кыргыз тилинде жаш балдарга арналып жазылган сапаттуу китептер жокко эсе. Ошол себептен мен, атам - Турар Кожомбердиевдин китептеринин арасынан "Келчүктөгү ай" китебин биринчи жаңыча чыгарууну туура кердүм. "Көлчүктөгү ай" китебинин бул жаңы басылышында акындын ар бир ырына ылайыкташтырылып образдуу тартылган жаңы сүрөттер пайдаланылды. Ал эми кызыктуу ырларды коштогон көркөм сүрөттер китептин көлемүн да ээлерин эске алсак, бул жолу "Келчүктөгү ай" тогуз сериядан турган китепчеге айланды.

Балдар, бул китеп силерге да бардык жагынан кызыктуу жана баалуу керкем деелөт болуп калат деп ишенем. Андыктан алдыда силер менен кызыктуу жолугушууларга чейин саламатта болгула.

Бул китептердин басылып чыгышына кемек көрсетүп, жардам берген инсандарга да терең ыраазычылык билдирем.

***Китептин түзүүчүсү - Кожомбердиева Нургуль Тураровна***

К4803300200-16

ISBN 978-9967-28-088-5

УДК 821.51-93
ББК 84 Ки 7-5
© Кожомбердиев Т., 2016

Турар Кожомбердиев

# Беке, Меке, Keкe жана мүйүздүү теке

## "КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ"

1 китеп



ДЕТБИБЛИО
12-79
27 647

# БЕКЕ, МЕКЕ, КЕКЕ ЖАНА МҮЙҮЗДҮҮ ТЕКЕ

Чоң курсак Беке,
Узун бут Кеке,
Жана да Меке,
Үчөөнүн мингени
Мүйүздүү теке.

Үчөөнү жеке
Кетерөт теке,
Кубанат Беке,
Каткырат Меке,
Ышкырат Кеке.

Мөңкүдү теке,
Ыргыды Беке,
Кулады Кеке,
Жыгылды Меке.

Ыйлады Беке,
Бакырды Меке,
Чыңырды Кеке,
Баарын кылган
Мүйүздүү теке.



## БУЛ КЫЛЫГЫ ТУУРАБЫ?

Мактанам деп Кекигө,
Кергезөм деп Бекиге,
Атын жазды Үсөйүн
Ак дубалдын чөтине.
Ага айты Азат кыз:
- Кеөдөн чийсе жакшыбы
Сөнин дагы бетиңе?



## КӨЛ БЕТИНДЕ
(калп)

Топту ортого алышып,
Кээдө токтой калышып.
Көл бетинде көп балдар
Футбол ойнойт жарышып

Көп балыктар кудуңдап,
Кыйкырышат чурулдап.
Ал балдардын бутунан
Чаң ызгырды бурулдап.



# ЧИРКЕЙ МЕНЕН ТӨӨ

(тамаша)

Эки балбан тирешип,
Эми кирди күрөшүп...
Чиркөй буттан чалганда
Төө жыгылып калганда...
Эл кыйкырды «мыкты» деп,
Чиркей төөнү жыкты деп.



# КОНОК БОЛГОН ЧӨКӨ ТААН

Кичикий таанды
Чоро бакты.
Чоронун үйү
Таанга жакты.
Күчтендү эми
Балапан таан.
Коркутпайт шамал,
Коркутпайт жаан.

- Кааласаң кеткин,
Өз эркиң бош, - деп,
Учурду Чоро
Кол булгалап «кош» деп...
Аралап учуп,
Токойду, жонду,
Кайрадан келип,
Дубалга конду.

Кагылып бат-бат
Кош кара канат,
Шар эле айрып
Шамалды жарат.
Кеткиси келбей
Досун тыштап,
Конок болуп,
Калды кыштап.



# БЕРДИ ЖАКШЫ БАЛАБЫ?

Берди чуркап кубанат,
Кек эчкини кубалап.
Чуркап кетип баратса,
Артынан чаң чубалат.

Эчки качат акактап,
Берди кууп такактап,
Ал байкушка чыбыгы,
Тийип жатат шакылдап.

- Айдап келдим эчкини,-
Дейт көргөнде энесин.–
- Жакшы бала боломун,
Апа, кийин кересүң.

- Эчкилерди сабасаң,
Жаман экен дебейби.
Жакшы бала урбастан,
Ага жем, чөп бербейби.



## АШЫМ КУБАНГАНДА

Түшүндө төө кубалап,
Качып барат Ашым.
Төө артынан жеткенде
Тиштөп алды башын.
Чыдай албай «апалап»
Төгүп кирди жашын...
Эртөң менен ойгонуп,
Ооруйт го дөп акырын
Сылап көрсө башын:
- Сопсоо бойдон тура, - дөп
Күлүп ийди Ашым...



# БӨБӨКТӨРДҮН СУРООСУ

Күндүн барбы түнөгү?
Курттун барбы жүрөгү?
Кубанганда бизчилеп
Күчүктөр да күлөбү?



12 78
27649

# Биздин Марат

(калп)

Үйлөп жатып асмандан
Булуттарды таратты...
Жашырылган алтын күн
Жарк деп жүзүн каратты.
- Эй! Азамат, жаша! – деп,
Эл мактады Маратты.



Турар Кожомбердиев

# “КӨЛЧҮКТӨГҮ АЙ”

1-китеп

# Беке, Меке, Кеке жана мүйүздүү теке

Бөбөктөр жана кенже балдар үчүн

Ырлар

**Мазмуну:**

Беке, Меке, Кеке жана мүйүздүү теке..............................2-3

Бул кылыгы туурабы?..................................................4-5

Көл бетинде.............................................................6-7

Чиркей менен төө.......................................................8-9

Конок болгон чөкө таан..............................................10-11

Берди жакшы балабы?...............................................12-13

Ашым кубанганда......................................................14-15

Бөбөктөрдүн суроосу..................................................16-17

Биздин Марат...........................................................18-19

Басмага даярдаган: Кожомбердиева Нургуль
Сүретчүсү: Исраилова Динара
Демеерчүсү: Кожомбердиев Карыбай
Компьютердик дизайн: Лазаренко Георгий

Кагаз форматы: 84х55 1\16, 1.5 фпл.
Нускасы 3000 экз.
“Continent Print“ ЖЧКсында басылды.
720054 Бишкек ш., Интергельпо кечесү, 1.

1279

27649


Турар Кожомбердиев
Беке, Меке, Кеке жана мүйүздүү теке
1-китеп


Турар Кожомбердиев
Кетик тиш бөбөгүм


Турар Кожомбердиев
Биздин күчүк Кумалак


Турар Кожомбердиев
Жалакай Жантай


Турар Кожомбердиев
Көлчүкөгү ай


Турар Кожомбердиев
Тентек улак


Турар Кожомбердиев
Сугалак мышык


Турар Кожомбердиев
Коңуз
чегилген чана


Турар Кожомбердиев
Тамаша